**УДК 373.2**

***Ишенкулова М., Нурланова К., Жээнбекова Э.***
*Ишенкулова Миргүл – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*, Нурланова Кызылкул – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Жээнбекова Элиза – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОЦЕССТИ КӨРСӨТМӨЛҮҮЛҮК ПРИНЦИБИ АРКЫЛУУ УЮШТУРУУНУН ШАРТТАРЫ

# УСЛОВИЯ ОРГАНИЗАЦИИ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ПРОЦЕССА НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ ПО ПРИНЦИПУ ДЕМОНСТРАЦИИ

# CONDITIONS FOR ORGANIZING THE PEDAGOGICAL PROCESS OF PRIMARY SCHOOL THROUGH THE PRINCIPLE OF DEMONSTRATION

***Аннотация.*** *Макала көрсөтмөлүү усулдардын жардамы менен кенже мектеп окуучуларынын көңүл буруусун башкаруу койгойүн кароого арналган, жалпысынан мугалимдин жана мектептин ишинин ийгилиги окутуунун усулдарынан көз каранды болорун белгиленген. Окутуунун көрсөтмөлүү усулдарына кенже мектеп окуучуларынын көңүл буруусун башкаруу койгойүнө, окутуунун көрсөтмөлүү усулдарын кенже мектеп окуучуларынын көңүл буруусун башкарууда колдонуу өтө пайдалуу экени жөнүндө изилденген.*

***Аннотация.*** *Статья посвящена вопросам управления вниманием младших школьников с помощью наглядных методик, отмечено, что в целом успех работы учителя и школы будет зависеть от методов обучения. Помимо управления вниманием младших школьников к наглядным методам обучения, было исследовано, что использование наглядных методов обучения в управлении вниманием младших школьников очень полезно.*

***Abstract.*** *The article is devoted to the issue of managing the attention of junior schoolchildren with the help of visual methods, it is noted that the overall success of the work of the teacher and the school will depend on the teaching methods. In addition to controlling the attention of younger schoolchildren, it was investigated that the use of visual teaching methods in controlling the attention of younger schoolchildren is very useful.*

***Ачкыч сөздөр:*** *көрсөтмөлүүлүк, абстрактуулук, акыл-эс, иллюстрация, демонстрация.*
***Ключевые слова:*** *наглядность, абстрактность, интеллект, иллюстрация, демонстрация.*
***Key words:*** *visualization, abstraction, intelligence, illustration, demonstration.*

Өнүгүүнүн алгачкы этаптарында бала түшүнүк менен эмес өбраздуу түрдө ой жүгүртөт. Бирок, илимий түшүнүктөр жана абстрактуу жоболор окуучуларга оңой жетет, эгер алар салыштыруу процессинде окшоштуктарды көнкретүү фактылар менен бекемдешсе. «Дидактиканын алтын эрежесин» негиздеген Я.А.Коменский [2] мындай деп жазган: «Эгер биз окуучуларга чыныгы жана толук билим бергибиз келсе, анда байкоонун жана сезимдик көрсөтмөлүүлүктүн жардамы менен аларды бардыгына үйрөтүшүбүз керек».

Педагогикалык процессте көрсөтмөлүүлүк принциби_курчап турган айлана-чойрөнү таанып билүүнүн жана конкреттүүдөн абстрактууга өткөн ой жүгүртүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө негизделген.

Педагогикалык процессте көрсөтмөлүүлүк принциби ар кандай иллюстрациялар, демонстрациялар, лабораториялык-практикалык жумуштарды аткарууда көрүнүктүү курч мисалдарды жана турмуштук факторлорду колдонсо максатка жетет. Көрсөтмөлүүлүк принцибинде көрсөтмө куралдарды, диапозитивдерди, карталарды, схемаларды колдонуу өзгөчө орунду ээлейт. Ал педагогикалык процесстин бардык этаптарында колдонулат.

Абстрактуулуктун өсүшү боюнча көрсөтмөлүүлүк принцибинин түрлөрүн төмөнкүчө бөлүштүрсө болот: табигый (өбьективдүү реалдуулуктун предметтери; эксперименталдык (тажрыйбалар, эксперименттер); көлөмдүү (макеттер, фигуралар); көркөм сүрөт (картиналар, фотографиялар, сүрөттөр); үн чыгаруу (кино,телевидение); символикалык жана графикалык (карталар, графикалар, схемалар, формулалар) ички педагогдун сөзү менен жаралган образдар (Т.И.Ильинаныкы боюнча).

Окуучунун абстракттуу ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсүн тоспоо максатында көрсөтмөлүүлүк принцибин колдонууда ченемди билүү өтө маанилүү. Көрсөтмө куралдарды жасоодо көрсөтмөлүүлүк менен балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүнүн айкалышы чоң мааниге ээ болот. Балдардын аң-сези-

минде кандайдыр бир буюмдун же көрүнүштүн конкреттүү образы сакталып калбаш үчүн, көрсөтмөлүүлүктү пайдаланууда варианттуулуктун болушу зарыл.

Көрсөтмөлүүлүк принциби менен балдардын бардык турмушун, баарыдан мурда окутууну жана тарбиялоону принциби тыгыз байланышкан. Тарбиялануучуларда чындыкка карата болгон эстетикалык мамилесин калыптандыруу, аларда жогорку көркөм-эстетикалык сезимин арттыруу, аларга коомдук эстетикалык идеалдардын чыныгы кооздугун таанууга жардам берүү керек. Табигый-математикалык предметтер балдардын алдына жаратылыштын кооздугун ачууга, аларды коргоого жана сактоого, тарбиялоого мүмкүндүк берет.

Гуманитардык циклдагы предметтер адамдардын ортосундагы мамилелердин эстетикалык картинасын көрсөтөт. Сабакта педагогдор акыл-эстин, эмгектин, ишкердик мамиленин, билүүнүн, өз ара жардамдашуунун, биргелешкен аракеттин кооздугун бекемдөө маанилүү. Окуучулардын турмушту эстетикалаштыруу (кооздоо) мүмкүнчүлүктөрү коомдук уюмдардын, өздүк көркөм чыгармачылыктардын, өндүрүштүк жана коомдук пайдалуу эмгектердин жардамы менен, күндөлүк мамилелерди жана жүрүш-туруштарды калыптандырууда чон мааниси бар экенин эстен чыгарбоо керек.

Башталгыч мектептин педагогикалык процессинде окутуунун көрсөтмөлүү усулдарынын ролу зор. Алар мугалим берген маалыматты ырастоо максатында колдонулат, бирок койгойлүү окутуунун элементтери менен колдонула, чыгармачыл мүнөз күтө алышат.


Бул усулдар эстутумду, ой жүгүртүүнү, кыялданууну өнүктүрүүгө түрткү болушат. Бирок мында көңүл буруунун ролун танууга жарабайт. Белгилүү болгондой, көңүл буруу бардык психикалык процесстерди тейлеген кызмат болуп саналат. Көңүл бурууcуз бир дагы аң-сезимдүү ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу мумкүн эмес, көңүл бурууcуз ой жаралбайт. Демек, көңүл бурууcуз окутуу процессин ченемдүү курууга болбойт. Ошондуктан окуучулардын көңүл бурууcун башкарууга үйрөнүү ушунчалык маанилүү.

Кенже мектеп окуучуларында көңүл буруунун туруктуулугу аз, аларга көп алаксуу мүнөздүү. Ушуга байланыштуу биринчи сабактардан тартып көңүл бурууну «тарбиялоо» зарыл.

Көрсөтмөлүү усулдарсыз башталгыч класстардын мугалиминин ишин элестетүүгө болбойт, анткени мектеп жашына чейинки балдарда жана кенже мектеп окуучуларында маалыматты көрсөтмөлүү берүүнү талап кылуучу көрсөтмөлүү-элестүү жана көрсөтмөлүү-аракеттик ой жүгүртүү басымдуулук кылаары белгилүү. Бул, мисалы, М. Монтессоринин мектептеринде эске алынган жана момундай сөздөр менен берилген:

«Качан мен угуп жатканда – мен унутам,
Качан мен көрүп жатканда – мен эстеп калам,
Качан мен жасап жатканда – мен окуп-үйрөнөм» [1, с.56].

Тааным пирамидасы окутуунун ар кыл усулдарынын майнаптуулугун көрсөтмөлүү берет.




Окутуунун көрсөтмөлүү усулдарын шарттуу түрдө эки чоң тайпага: иллюстрациялар усулуна жана демонстрациялар усулуна бөлүүгө болот. Иллюстрациялар усулу окуучуларга иллюстрациялык куралдарды:плакаттарды, сүрөттөрдү, жадыбалдарды, карталарды ж.б.у.с. көрсөтүүнү болжойт. Демонстрациялык усул адатта приборлорду, тажрыйбаларды, техникалык орнотмолорду, кинофильмдерди көрсөтүү менен байланышкан. Окуу процессине жаңы техникалык каражаттарды кийирүү окутуунун көрсөтмөлүү усулдарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

Демек, башталгыч класстарда көрсөтмөлүү усулдарды колдонуусуз сабакты элестетүүгө болбойт. Башталгыч мектептин мугалимдери басма көрсөтмөлүүлүктүн ар кыл түрлөрүн колдонушат. Мектепте мультимедиялык тутумдун, компьютердик программалардын, документ-камеранын пайда болуусу менен педагогдор заманбап окутуунун техникалык каражаттары сабактарда жана сабактан тышепркы убакта канааттануу менен колдонушат. Көрсөтмөлүүлүктүн каражаттары чыгармачыл, изилдөөчүлүк мүнөздөгү өз алдынча ишти уюштурууда билимдер булагы ролунда чыга алат. Бул учурда мугалим тапшырманы аныктайт, окуучулардын ишмердүүлүгүн багыттайт.

**Адабияттар**

1. Формы и методы общеобразовательной подготовки [изд-е 2-5: доп. и перераб.] / Под ред. М. И. Махмутова. — М.: Педагогика, 2002.— 321 с.

2. Коменский Я.А. Великая дидактика. Избранные педагогические сочинения / Я.А. Коменский. В 2-х т. — М., 1982, т. 1. — 384 с.

3. Крутецкий В.А. Роль воображения в жизни младших школьников. М., 1986. — 253 с.